**2022-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын бюджетинин аткарылышына кайрадан жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылдын 9-декабрындагы № 09-1/885 буйругунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын башкы мамлекеттик инспектору Г.Ш. Джайлообаева, А.Дж. Рустенбекова жана Б.Э. Искитов тарабынан, жаран У.Б. Жапаровдун Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына кайрылган 2025-жылдын 8-октябрындагы №Ж-5901 арызында көрсөтүлгөн маселелерди камтуу менен, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынан 2025-жылдын 8-октябрындагы № 05/2564 жана 2025-жылдын 28-ноябрындагы № 01-29/2210 каттары менен келип түшкөн каршы пикирлеринде көрсөтүлгөн маселелер боюнча 2022-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын бюджетинин аткарылышына кайрадан шайкештик аудити жүргүзүлдү.

**Жооптуу тарап жана аудит субъектиси:**

Аудиттин жооптуу тарабы жана аудит субъектиси болуп Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы (мындан ары – Кызмат) саналат.

**Жооптуу тараптын милдеттери**

Кызматтын жалпы милдеттерине мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчилик кирет.

**Аудиттин милдеттери**

Аудиттин предметине жүргүзүлгөн аудиттин негизинде Кызматтын бюджетинин аткарылышы аудиттин тиешелүү критерийлерине ылайык келүүсүнө өз алдынча корутундуга келүүдө турат. Аудит корутундуну негиздөө үчүн жетиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөй чечимине, анын ичинде алдамчылыктын же катанын кесепетинен жол берилген олуттуу ылайык келбөөчүлүк тобокелдигине баа берүүгө көз каранды. Аудит жүргүзүлүп жаткан аудиттин жол-жоболору бул жагдайларда ылайыктуу деп эсептейт. Чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу болуп саналат.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп Кызматтын иши жана бюджетинин аткарылышы саналат. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынан 2025-жылдын 8-октябрындагы № 05/2564 жана 2025-жылдын 28-ноябрындагы № 01-29/2210 каттары менен келип түшкөн каршы пикирлеринде көрсөтүлгөн маселелер.

**Аудиттин критерийлери**

Иштин мыйзамдарга ылайыктуулугун баалоо критерийлери:

1. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик жана Эмгек кодекстери;

2. “Бухгалтердик эсеп жөнүндө”, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө”, “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө”, “Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө”, “Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө”, “Атаандаштык жөнүндө”, “Республикалык бюджет жөнүндө”, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары ж.б.;

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-декабрындагы № 541 “Республикалык бюджеттин чыгымдарын оптималдаштыруу, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан бюджеттик каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгы *(КР Президентинин 2025-жылдын 14-октябрындагы № 286 Жарлыгына ылайык күчүн жоготту)*;

4. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын эмгегине акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгы;

5. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы № 300 “Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы жөнүндө” токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы жөнүндө” жобо;

6. 2024-жылдын 12-июнундагы № 304 “Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому менен бекитилген реестри;

7. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы № 637 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартиби;

8. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 5-апрелиндеги № 175 токтому менен бекитилген Табигый монополиялар субъекттеринин товарларды (иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү) сатып алуу эрежелери;

9. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 240 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” токтому;

10. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-б, 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-Б буйруктары менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө” жоболору *(КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-б буйругуна* ылайык *күчүн жоготту)*;

11. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 15-июлундагы № 451 “Мамлекеттик, муниципалдык органдардын жана мамлекеттик, жана муниципалдык ишканалардын жетекчилеринин жана кызматкерлеринин чет өлкөлүк кызматтык иш сапарларын жана башка сырткары чыгууларын тартипке салуу боюнча чаралар жөнүндө” токтому;

12. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө” токтому;

13. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 25-октябрындагы № 700 токтому менен бекитилген, “Монополияга каршы ыйгарым укуктуу органдарды өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фонддору жөнүндө” жобо;

14. Жамааттык келишим жана башка ченемдик укуктук актылар.

**Этикалык талаптарга ылайык келүүсү**

Аудиттин эл аралык стандарттары, аудитордук топтон этикалык ченемдерди сактап, ошондой эле аудиттин предмети бардык олуттуу аспектилери боюнча мыйзамдарга жана ченемдик укуктук актыларга туура келерине негиздүү кепилдикке ээ болуу үчүн, аудитти пландоону жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача баяндамасы**

Аудит тарабынан Кызматтын ишине тиешелүү ченемдик укуктук документтер, ички ченемдик документтер, финансылык отчеттуулук изилденген.

**Аудит жүргүзүү мезгилинде каржылоону бөлүштүрүлчүлөр болуп төмөндөгүлөр эсептелген**

*Биринчи кол коюу укугу менен:* Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын төрагалары - Ш.М. Сабиров, 2017-жылдын 26-декабрынан тартып 2021-жылдын 9-мартына чейин; К.Д. Тайлаков, 2021-жылдын 14-апрелинен тартып 2023-жылдын 14-августуна чейин; Г.К. Асылбаева, 2023-жылдын 7-сентябрынан тартып 2024-жылдын 23-сентябрына чейин; Ж.Б. Орозбаев, 2024-жылдын 23-сентябрынан тартып азыркы учурга чейин.

*Экинчи кол коюу укугу менен:* Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын башкы бухгалтерлери - Р.А. Нааматова, 2020-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 19-августуна чейин; А.М. Абдыкаимова, 2024-жылдын 19-августунан тартып азыркы учурга чейин милдетин аткаруучу.

**Аудит субъектисинин кыскача мүнөздөмөсү**

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы болуп саналат. Ал Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу түзүмдүк бөлүмүнүн статусунда иштейт, мамлекеттик монополияга каршы саясатты ишке ашырат жана отун-энергетикалык комплексинен тышкары экономиканын бардык тармактарында мамлекеттик монополияга каршы жөнгө салууну, атаандаштыкты коргоону жана өнүктүрүүнү, ченөө бирдейлигин камсыз кылуу жаатындагы Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарынын сакталышын көзөмөлдөйт.

Кызматтын негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1) Кыргыз Республикасындагы товарлар, жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногунун натыйжалуу иштөөсү үчүн атаандаштыкты өнүктүрүү жана коргоо;

2) монополиялык иштин жана ак ниет эмес атаандаштыктын алдын алуу, чектөө, бөгөт коюу боюнча чараларды ишке ашыруу;

3) керектөөчүлөрдүн жана табигый монополиялардын субъекттеринин кызыкчылыктарынын балансына жетүүнү, керектөөчүлөр үчүн алар саткан товарлардын (жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн) жеткиликтүүлүгүн жана бааны жөнгө салууну камсыз кылуу;

4) товарларды (жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү) сатып алууда керектөөчүлөрдүн укуктарын мамлекеттик коргоо;

5) жарнаманын керектөөчүлөрүн мамлекеттик коргоо;

6) өлчөөлөрдүн анык эмес жыйынтыктарынын кесепеттеринен мамлекеттин жана жарандардын кызыкчылыктарын коргоо;

7) Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик желегин жана Мамлекеттик гербин даярдоодо, сатууда жана пайдаланууда техникалык өзгөчөлүктөрүнүн талаптарынын сакталышын көзөмөлдөө.

## Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйругунун жана сунуштамасынын аткарылышы

Кыргыз Республикасынын Экономика жана каржы министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинде 2018-жылдын 1-январынан тартып 2019-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыктары

боюнча берилген 3 пункттан турган жазма буйрук *(2021-жылдын 17-мартындагы № 01-23/42)* толугу менен аткарылган.

Аталган аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине берилген 2 пункттан турган сунуштама *(2021-жылдын 17-мартындагы № 01-23/41)* аткарылган эмес.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 25-октябрындагы №700 токтому менен бекитилген "Монополияга каршы ыйгарым укуктуу органдарды өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фонддору жөнүндө" жобого ылайык, материалдык-техникалык базаны чыңдоо, иш үчүн зарыл шарттарды түзүү жана кызматкерлерди социалдык жактан коргоону камсыз кылуу максатында фонд түзүлгөн.

Фонддордун каражаттары республикалык бюджеттин чыгымдоо бөлүгүнөн каржылоонун эсебинен өткөн жылдарга ар жылдык ретроспективдүү талдоо жүргүзүүгө ылайык өткөн жыл үчүн республикалык бюджетке түшкөн жөнгө салуучулук талаптардан четтөөлөрдүн суммасынын 15%ы өлчөмүндө түзүлөт. Жыл ичинде аталган сумманы учурдагы жыл үчүн республикалык бюджетке иш жүзүндө түшкөн каражаттарды салыштырып текшерүү актысынын негизинде 25% өлчөмүндө көбөйтүү же азайтуу жагына оңдоо жүргүзүлөт.

*Кызматтын чыгымдарынын сметасы (миң сом)*

| *жылы* | *Смета боюнча бекитилгени* | *Смета боюнча такталганы* | *Кассалык чыгымдар* | *Иш жүзүндөгү чыгымдар* |
|---|---|---|---|---|
| 2020 | 72 803,6 | 70 911,7 | 58 453,5 | 62 411,8 |
| 2021 | 61 413,6 | 82 239,0 | 76 433,3 | 70 453,2 |
| 2022 | 68 700,6 | 87 281,2 | 81 134,1 | 81 323,3 |
| 2023 | 75 491,1 | 103 343,8 | 100 923,0 | 99 074,7 |
| 2024 | 91 449,3 | 131 528,8 | 126 014,0 | 125 067,7 |

*Өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фонду (миң сом)*

| *жылы* | *Бюджетке түшүүлөр* | *Фонд каражаттарынын чыгымдары* | *%* |
|---|---|---|---|
| 2020 | 151 224,9 | 17 220,3 | 11,39 |
| 2021 | 168 404,2 | 26 386,5 | 15,67 |
| 2022 | 169 192,1 | 26 330,4 | 15,56 |
| 2023 | 140 542,8 | 28 334,9 | 20,16 |
| 2024 | 220 711,4 | 50 487,0 | 22,87 |

Жогоруда көрсөтүлгөн жобонун 1-пунктуна ылайык, фондду түзүүнүн негизги максаттарынын бири - материалдык-техникалык базаны чыңдоо болуп саналат. Бирок, 2023-жылы бул максаттарга болгону 378,2 миң сом (же 1,33%) жана 2024-жылы - 410,0 миң сом (же 0,81%) багытталган. Бул Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын материалдык-техникалык базасын чыңдоону пландаштырууда жетишсиз болуп саналат. Салыштырмалуу талдоо көрсөткөндөй, Фонддун каражаттарынын негизги бөлүгү акыркы 5 жылда (2020-2024-жылдары) сый акы төлөөгө жана социалдык-материалдык төлөмдөргө 131 174,2 миң сом жумшалган. Мисалы: 2022-жылдын декабрь айында айрым кызматкерлерге 4-5 жолудан кошумча төлөмдөр жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 25-октябрындагы №700 токтому менен бекитилген, "Монополияга каршы ыйгарым укуктуу органдарды өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фонддору жөнүндө" жобонун фонддун каражаттарын пайдалануу бөлүгүнө, эмгек акыга пайыздык чектөөлөрдү киргизүү демилгеленсин.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-декабрындагы ПЖ №541 "Республикалык бюджеттин чыгашаларын оптималдаштыруу, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик каражаттарды пайдалануусунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 15-июлундагы №451 "Мамлекеттик, муниципалдык органдардын жана мамлекеттик, муниципалдык ишканалардын жетекчилеринин жана кызматчыларынын чет өлкөлүк кызматтык сапарларын жана башка сырткары чыгууларын тартипке салуу боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун 7-пунктунун талаптары сакталбастан, Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы тарабынан чет өлкөлүк иш сапарларды кыскартуу боюнча жетишээрлик чаралар көрүлгөн эмес. Динамика көрсөткөндөй, 2022-жылдан тартып чет өлкөлүк кызматтык сапарлар көбөйгөн: 2021-жылы – 1 кызматкер, чыгымдары 41,5 миң сом; 2022-жылы – 14 кызматкер, чыгымдары 1 364,0 миң сом; 2023-жылы – 19 кызматкер, чыгымдары 2 334,6 миң сом; 2024-жылы – 29 кызматкер, чыгымдары 2 964,1 миң сом. Жалпысынан 2022-2024-жылдары кызматкерлер жана жетекчилер 62 жолу чет өлкөгө кызматтык сапарга чыккан, аларга республикалык бюджеттен 6 662,7 миң сом чыгымдалган.

Квалификацияны жогорулатуу үчүн вебинарлар, онлайн форматтагы тажрыйба алмашуу жана стажировкалар сыяктуу альтернативдүү жана үнөмдүү форматтар бар болгондугуна карабастан, ошондой эле 1-2 кызматкерди жөнөтүп, калган кызматкерлер үчүн техникалык окуу өткөрүү мүмкүнчүлүгү болгондугуна карабастан, Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы тарабынан кызматкерлерди "топ түзүү менен" чет өлкөгө жөнөтүү практикаланган. Бул максаттарга республикалык бюджеттен 2 949,7 миң сом чыгымдалган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-декабрындагы ПЖ № 541 "Республикалык бюджеттин чыгашаларын оптималдаштыруу, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик каражаттарды пайдалануусунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 15-июлундагы №451 "Мамлекеттик, муниципалдык органдардын жана мамлекеттик, муниципалдык ишканалардын жетекчилеринин жана кызматчыларынын чет өлкөлүк кызматтык сапарларын жана башка сырткары чыгууларын тартипке

салуу боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун 7-пунктунун талаптарынын аткарылышына көзөмөл күчөтүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б жана 2023-жылдын 11-июлундагы №2-б буйруктары менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жоболорунун негизги каражаттарды эсептен чыгаруу боюнча талаптары сакталбастан, 1 479,7 миң сом суммасындагы компьютердик техниканы эсептен чыгарууда, комиссия тарабынан эсептен чыгарылган негизги каражаттардын айрым түйүндөрүн, деталдарын, материалдарын пайдалануу мүмкүнчүлүгү аныкталган эмес жана баалоо жүргүзүлгөн эмес; комиссия тарабынан түзүлгөн эсептен чыгаруу актылары бюджеттик мекеменин жетекчиси тарабынан бекитилген эмес; эсептен чыгаруу актыларында негизги каражаттардын өзгөчөлүктөрүн мүнөздөгөн маалыматтар (чыгарылган жылы, мекемеге келген күнү) көрсөтүлгөн эмес; негизги каражаттардын эсептен чыгарылышынын себептери, негизги бөлүктөрүнүн, деталдарынын, түйүндөрүнүн, конструктивдик элементтеринин абалы толук чагылдырылган эмес.

Ошондой эле, жоболордун 179, 183-пункттарынын талаптары сакталбастан, эсептен чыгарылган негизги каражаттардан алынган деталдар, түйүндөр жана агрегаттар, ошондой эле пайдаланууга мүмкүн болбогон экинчи ирет колдонулуучу чийки зат утилдештирилген эмес жана ишке ашырылган эмес. Утилдештирүү жана ишке ашыруу актылары жок болгондуктан, аудиттин жүрүшүндө визуалдык кароо жүргүзүлүп, 2024-жылдын 9-октябрына карата Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын кампаларында эсептен чыгарылган компьютердик техниканын бар экендиги боюнча аралык акт түзүлгөн. Эсептен чыгарылган айрым негизги каражаттар боюнча инвентардык номерлер эсептик маалыматтар менен дал келбейт, кээ бирлеринде (компьютердик жабдуулар жана оргтехника) инвентардык номерлер коюлган эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун талаптарына ылайык, негизги каражаттарды эсептен чыгарууда кетирилген кемчиликтерди четтетүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун 106-пунктунун жана Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын

30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген, Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын эрежелеринин талаптарынын бузулушу аныкталган.

Бардык автоунаалар боюнча күйүүчү майлоочу каражаттардын чыгымдалышы айына 300 жана 500 литр өлчөмүндөгү чектөө ченемдери боюнча жүргүзүлгөн. Ошол эле учурда, жол барактарында басып өткөн аралык боюнча маалыматтар, кыймылдын так induced даректери, автоунааларды пайдаланган адамдар тууралуу маалыматтар жана кол тамгалар жок. Бул жагдайлар күйүүчү-майлоочу материалдарды чыгымдоодо тобокелчиликтердин бар экендигин көрсөтөт.

**Сунуштама**

Күйүүчү-майлоочу каражаттарын чыгымдоо Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 106-пунктунун жана Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген, Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын эрежелеринин талаптарына ылайык жүргүзүлүшү камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кызматтын 2024-жылдын 12-сентябрындагы №150 буйругунун негизинде жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгы боюнча негизги каражаттарга инвентардык номерлер ыйгарылган жана 1 277,9 миң сомго компьютерлердин жана башка уюштуруу техникалардын жетишсиздиги Кызмат тарабынан аныкталып, 2025-жылдын 26 жана 28-февралындагы актылар боюнча калыбына келтирилген.

**Аныкталды жана корутунду *(“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын сакталышы)***

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 51-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун талабына ылайык, сапаты жана берүүчүнү тандап алуу үчүн негиз болгон башка шарттар өзгөрүлбөгөн шартта товарларга, жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө баа азаюу же жогорулоо жагына өзгөргөн шартта, тараптардын өз ара макулдугу боюнча сатып алуу жөнүндө контрактты аткаруу процессинде ушуга окшош сатып алынуучу товарларга, жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө баа азаюу же жогорулоо жагына өзгөрсө, сатып алуучу уюм түзүлгөн контрактка өзгөртүү киргизүүгө укуктуу. Ошого карабастан, “Партнер нефть” ЖЧКсы менен 2023-жылдын 29-мартында түзүлгөн келишиминде күйүүчү майлардын баасы бир айга гана бекитилип, кийинки айларда күйүүчү-майлоочу материалдар ошол учурдагы баа боюнча жөнөтүлгөн.

**Сунуштама**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 51-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун талаптары сакталбастан, күйүүчү-майлоочу материалдарды сатып алууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду** ***(чыгымдардын негиздүүлүгүн жана максаттуу мүнөзүн талдоо)***

Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын Жалал-Абад жана Баткен облустук бөлүмдөрү Жалал-Абад (“Жалал-Абад Айыл Курулуш” ААКсы) жана Баткен (“Кыргызтелеком” ААКсы) шаарларында жайларды ижарага алып келет. Аудит жүргүзүлгөн мезгил аралыгында (2022-2024-жылдар) ижара акысы үчүн 1 739,7 миң сом төлөнгөн. Кызматтын жетекчилиги тарабынан Экономика жана коммерция министрлигине, же жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга жайларды акысыз негизде берүүгө көмөктөшүү боюнча иш аракеттер жүргүзүлгөн эмес. Ошол эле учурда, Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Стандартташтыруу жана метрология борборунун Жалал-Абад сыноо, сертификаттоо жана метрология борборунун балансында аянты 1 082 чарчы метр болгон имарат бар. Монополияга каршы кызматынын бөлүмдөрүн Жалал-Абаддагы борбордун же болбосо жергиликтүү муниципалдык уюмдардын жайларына акысыз жайгаштырууда беш жыл аралыкта 1 739,7 сом үнөмдөөгө мүмкүнчүлүк болмок.

**Сунуштама**

Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын аймактык бөлүмдөрүн (Жалал-Абад жана Баткен облустук бөлүмдөрү) Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу аймактык уюмдардын, же башка жергиликтүү муниципалдык уюмдардын жайларына акысыз негизде жайгаштыруу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду** ***(табигый монополиялардын субъекттеринин ишмердүүлүгүн мамлекеттик жөнгө салуу)***

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №300 токтому менен бекитилген, “Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы жөнүндө” жобонун 12-пунктунун 1-пунктчасына ылайык, Кызмат отун-энергетика комплексин кошпогондо, табигый монополиялардын субъекттеринин ишмердүүлүгүн мамлекеттик жөнгө салуу функцияларын ишке ашырат.

Табигый монополиялардын субъекттеринин ишмердүүлүгүн мамлекеттик жөнгө салуу Кызматтын төрагасынын 2022-жылдын 23-мартындагы №53 буйругу менен бекитилген, “Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы тарабынан жөнгө салынуучу тармактарды башкаруу жөнүндө” жобого ылайык жүргүзүлөт жана алардын ишмердүүлүгүнө ар тараптуу, кылдат талдоо жүргүзүүгө негизделет.

Кызмат тарабынан “Табигый монополиялар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын төмөнкү бөлүктөрүнүн талаптары аткарылган эмес:

- республикалык жана аймактык реестрлерге киргизилген табигый монополиялардын субъекттеринин финансылык-чарбалык ишмердүүлүгүнө талдоо жүргүзүү;
- табигый монополиялардын субъекттеринин ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзүү жана аны талдоо;
- зарыл болгон маалыматтарды алуу үчүн суроо-талаптарды (каттарды) жөнөтүү боюнча.

**2018-2020-жылдар аралыгында** “Манас” эл аралык аэропорту” ААКсынын, “Кыргызаэронавигация” МИнин жана “Кыргыз Темир Жолу” МИнин тарифтери кайра каралып чыккан эмес.

Табигый монополиялардын субъекттерин мамлекеттик жөнгө салуу чөйрөсүндөгү талаптарды аткаруу боюнча аймактык бөлүмдөрдүн иши тууралуу маалымат жок, ошондой эле алардын ишмердүүлүгүнө талдоо жүргүзүлгөн эмес.

Аудит жүргүзүлгөн мезгилде Кызмат тарабынан табигый монополиялардын субъекттерине карата текшерүүлөр жүргүзүлгөн эмес, ал эми баа түзүү маселелери боюнча бюджеттик чөйрөдөгү уюмдар гана текшерилген.

**Сунуштама**

1. “Табигый монополиялар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине ылайык, республикалык жана регионалдык реестрлерге киргизилген табигый монополия субъекттеринин каржылык-чарбалык ишмердүүлүгүнө мониторинг жана талдоо жүргүзүү; зарыл болгон маалыматтарды алуу үчүн суроо-талаптарды жөнөтүү боюнча.
2. Табигый монополия субъекттерин мамлекеттик жөнгө салуу талаптарын аткаруу боюнча регионалдык бөлүмдөрдүн ишине көзөмөл жүзөгө ашырылсын.
3. “Кыргызстан аэропорттору” ААКсынын, “Кыргызаэронавигация” МИнин жана “Кыргыз Темир Жолу” МИнин тарифтерине талдоо жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду** ***(табигый монополиялардын субъекттеринин сатып алуулар чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгүн жөнгө салуу)***

Аудиттин жыйынтыгында табигый монополиялардын субъекттери тарабынан төмөнкүдөй бузуулар аныкталган:

- сатып алууларды жүргүзүү ыкмаларын көрсөтүү менен, натуралдык (сандык) жана нарктык (акчалай) көрсөткүчтөрдө бекитилген сатып алуулар пландары Кызматка сунушталган эмес;
- тендер өткөрүү жөнүндө чечимдер кабыл алынгандыгы тууралуу Кызматка билдирүүлөр жөнөтүлгөн эмес;
- төмөнкү маалыматтарды камтыган маалыматтар берилген эмес: сатып алынуучу товарлар (жумуштар, кызмат көрсөтүүлөр) жөнүндө, алардын көлөмү, баалары жана жыйынтык суммасы көрсөтүлгөн маалыматтар; сунуш кылган бааларын көрсөтүү менен талапкерлердин тизмеси, ошондой эле

талапкерлер сунуштаган товарлардын (жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн) техникалык жана сапаттык мүнөздөмөлөрү; сатып алуу жол-жоболорунун протоколдору; тендерде утуп чыккан берүүчүнүн (подрядчынын) аталышы жана жайгашкан жери, жеткирүүнүн баалары жана көлөмдөрү жөнүндө маалыматтар;

- берүүчүнү (подрядчыны) тандоодо тендердик документтер жана тандоону негиздеген материалдар сунушталган эмес ж.б.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 5-апрелиндеги №175 токтому менен бекитилген, Табигый монополиялар субъекттеринин товарларды (жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү) сатып алуу эрежелерине ылайык, табигый монополия субъекттери тарабынан төмөнкү маалыматтардын берилиши камсыздалсын жана сатып алууларга көзөмөл жүргүзүлсүн:

- сатып алуулардын ыкмалары көрсөтүлгөн, натуралдык (сандык) жана нарктык (акчалай) көрсөткүчтөрдө бекитилген сатып алуу пландары;
- тендер өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алынгандыгы тууралуу билдирүүлөр;
- сатып алынуучу товарлар (жумуштар, кызмат көрсөтүүлөр) тууралуу маалыматтар, алардын көлөмдөрү, баалары жана жыйынтык суммасын көрсөтүү менен; сунушталган бааларды көрсөтүү менен талапкерлердин тизмеси, ошондой эле алар сунуштаган товарлардын (жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн) техникалык жана сапаттык мүнөздөмөлөрү; сатып алуу жол-жоболорунун протоколдору; тендерде утуп чыккан берүүчүнүн (подрядчынын) аталышы жана жайгашкан жери, жеткирүүнүн баалары жана көлөмдөрү тууралуу маалыматтар;
- берүүчүнү (подрядчыны) тандоодо тендердик документтер, негиздемелер жана башка тиешелүү материалдар.

**Аныкталды жана корутунду *(үстөмдүк абалга ээ субъекттердин ишмердүүлүгүнө көзөмөлдү жүзөгө ашыруу)***

Аудиттин жүрүшүндө үстөмдүк абалга ээ субъекттердин ишмердүүлүгүнө көзөмөлдү жүзөгө ашырууда төмөнкү кемчиликтер аныкталган:

- бааларга экономикалык талдоо жүргүзүлгөн эмес;
- экономикалык концентрацияга көзөмөл жүргүзүлгөн эмес;
- эскертүүлөрдү жана көрсөтмөлөрдү берүү боюнча талдоо жүргүзүлгөн эмес жана тиешелүү чаралар көрүлгөн эмес.

**Сунуштама**

Экономикалык концентрацияны контролдоо максатында, үстөмдүк абалга ээ субъекттердин бааларына туруктуу талдоо жүргүзүлүшү камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана корутунду *(акы төлөнүүчү кызматтарды макулдашуу)***

Аудитте төмөнкүлөр аныкталган:

- системалуу эсепке алуу жана талдоо болбогондуктан бирдиктүү маалымат базасы жок;
- бааларды макулдашууда пассивдүү мамиле;
- тарифтерди системалуу кайра макулдашуу жүргүзүлгөн эмес;
- акы төлөнүүчү кызматтар жөнүндө маалыматтарды чогултуу, сактоо жана талдоо боюнча түзүмдөштүрүлгөн мамиле жок ж.б.

**Сунуштама**

Бааларды жана тарифтерди макулдашуу жана кайра макулдашуу боюнча маалыматтарды эсепке алуу үчүн бирдиктүү базаны жүргүзүү, ошондой эле акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр боюнча маалыматтарды чогултуу жана сактоо боюнча методологияны иштеп чыгуу маселеси каралсын.

**Аныкталды жана корутунду *(майыптар коомунун өндүргөн товарларынын баасын макулдашуу)***

Кыргыз Республикасынын майыптар коомунун продукциясына баалар тизмеси чыгымдардын беренелери боюнча көрсөткүчтөрүн камтыган калькуляцияга негизделип бекитилген. Бирок, эмгек акыга, цехтик жана жалпы заводдук жана башка чыгымдарга тиешелүү көрсөткүчтөр эсептөөлөр жана баштапкы документтер менен тастыкталган эмес. Материалдын сарпталышын ырастай турган жасалгалардын чиймелери (технологиялык карта) жок.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 токтому менен бекитилген, "Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө" жобонун талаптарына ылайык, "Кыргыз Республикалык майыптар коому" коомдук бирикмесинин чыгымдарынын экономикалык негиздемесинин ырасталышы камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана корутунду (*Текшерүү пландарын талдоо)***

Талдоонун жыйынтыгында төмөндөгү кемчиликтер аныкталган:

- бекитилген текшерүүлөр пландары боюнча тактык жок, тагыраак айтканда, аудитке тиешелүү жылга текшерүү планына киргизиле турган аткаруу бийлик органдары жана алардын түзүмдүк бөлүмдөрү, ошондой эле ишкердик субъекттерин тандоо методикасы боюнча түшүндүрмөлөр берилген эмес;
- текшерүүлөр пландарынын аткарылышын каттоо, берилген көрсөтмөлөрдүн аткарылышына мониторинг жана көзөмөл жүргүзүлбөйт;
- Борбордук аппарат тарабынан аймактык бөлүмдөрдүн текшерүүлөрдү аткаруу планы жана анын сапаты (текшерүү материалдары) боюнча көзөмөл уюштурулган эмес;
- бир объектти бир нече жыл бою текшерүү жүргүзүлүп келген, ошол эле маалда мурдагы мезгилдерде алардын мыйзам бузуулары катталган эмес;
- административдик айып пулдарды өндүрүү, көрсөтмөлөрдү аткаруу боюнча көзөмөл жана мониторинг жок;

- каржы кызматкерлери текшерүүнүн жыйынтыгында чындыгында түшкөн каражаттарды гана катташат жана кайтарылышы керек болгон сумма боюнча маалымат жок;
- административдик айып пулдардын эсептелиши менен алардын түшүшүн салыштыруу жол-жоболору жок.

**Сунуштама**

Субъектилерде текшерүүлөрдү жүргүзүүнү пландаштырууда төмөнкү багыттар боюнча көзөмөл камсыз кылынсын:

- тиешелүү жылга текшерүү планына киргизүү үчүн аткаруу бийлигинин органдарын жана алардын түзүмдүк бөлүмдөрүн, ошондой эле ишкердик субъекттерин тандоо бөлүгүндө бекитилген пландарды сактоо;
- текшерүүлөр планынын аткарылышына, текшерүү объекттерине берилген көрсөтмөлөрдүн аткарылышына мониторинг жана көзөмөл жүргүзүү;
- текшерүү пландарынын аткарылышы жана алардын сапаты (текшерүү материалдары) бөлүгүндө аймактык бөлүмдөрдүн ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө;
- салынган административдик айып пулдардын өндүрүлүшүн жана берилген көрсөтмөлөрдүн аткарылышын көзөмөлдөө;
- монополияга каршы мыйзамдарды бузуу фактылары боюнча аныкталган, өндүрүлүүгө тийиш болгон, иш жүзүндө түшкөн жана өндүрүлбөй калган калдыктар боюнча маалыматтарды финансылык кызматкерлер тарабынан эсепке алууну жүргүзүү;
- эсептелген административдик айып пулдар менен алардын бюджетке түшүшүн салыштыруу тартибин иштеп чыгуу.

**Аныкталды жана корутунду** ***(текшерүү материалдарын талдоо)***

Кызмат тарабынан субъектилерде жүргүзүлгөн текшерүү материалдарына жүргүзүлгөн талдоодо төмөнкүлөр аныкталган:

- Текшерүүлөр өз убагында жүргүзүлгөн эмес, текшерүү мөөнөттөрү негиздүү себептери жок, тиешелүү документтер тариздербестен өзгөртүлгөн;
- Химиялаштыруу жана өсүмдүктөрдү коргоо департаментинин 2022-жылга карата депозиттик эсебинде турган 2 645,4 миң сомго Кызмат тарабынан негизделген эсептөөлөрсүз жана финансылык отчеттуулукту талдоосуз атайын эсептин кирешелери катары эсептелип, акы төлөнүүчү кызматтардын наркын жогорулатуудан мыйзамсыз алынган киреше түрүндө классификацияланган. Ушуга байланыштуу бул сумманы республикалык бюджетке жана анын ичинен Кызматтын өнүктүрүү фондуна 661,3 миң сом (2 645 398,79 х 25%) өлчөмүндө которуу жөнүндө чечим негизсиз кабыл алынган;
- Айыл чарба министрлигине караштуу Ветеринардык дары каражаттарын жана тоют кошумчаларын каттоо жана сертификаттоо боюнча департаментинде иш жүзүндөгү өздүк наркына талдоо жүргүзүлгөн эмес жана бекитилген тарифтер жогорулатылган эмес. 5 105,6 миң сом өлчөмүндө негизсиз алынган киреше аныкталган эмес, ага карата тобокелдиктер бар;

- Айыл чарба министрлигине караштуу Токой кызматынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн баасы бекитилгенде чыгымдардын беренелери боюнча талдоо жүргүзүлгөн эмес. Натыйжада 118,5 миң сомду республикалык бюджетке өндүрүү боюнча негизсиз жыйынтык чыгарылган;
- “Кыргызтелеком” ААКсында аныкталган мыйзам бузуулар болбогондугуна карабастан, орточо айлык түшүмдүн 25% өлчөмүндө 15 062,6 миң сомду өндүрүү боюнча негизсиз чечим кабыл алынган;
- Саламаттык сактоо мекемелерин (Улуттук госпиталь, Республикалык клиникалык жугуштуу оорукана ж.б.) текшерүүдө көрсөтүлгөн кызматтардын түрлөрү боюнча чыныгы өздүк нарк эсептелинген эмес. Ошондой эле, кызматтар бекитилген учурдан тартып Улуттук госпиталь тарабынан айрым кызматтар көрсөтүлбөгөндүгү боюнча маселе каралган эмес.
- Билим берүү мекемелеринде бардык текшерүүлөр бирдей программа боюнча жүргүзүлгөн, орточо пландык жана чыныгы өздүк баа эсептөө менен чектелген. Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинде кайтарылышы керек болгон негизсиз киреше эсептелинген эмес, бирок 23 813 046 сом өлчөмүндөгү негизсиз киреше алуу тобокелдиги бар;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинде (“Кадастр” ММ) жүргүзүлгөн талдоонун жыйынтыгында, “Кадастр” мамлекеттик мекемеси тарабынан 2020-2023-жылдар аралыгында “каражаттарды үнөмдөө эсебинен” эмгек акыга кошумча төлөмдөр эмгекке катышуу коэффициенти түрүндө, ошондой эле жол кире жана тамак-аш үчүн төлөмдөр жүргүзүлгөнү аныкталган. Аталган төлөмдөрдүн жалпы суммасы 390 766,7 миң сомду түзгөн. Бул төлөмдөр негизсиз кирешелерден алынгандыгын көрсөтөт жана алар Кызмат тарабынан кайрадан текшерилиши тийиш.

**Сунуштама**

Бекитилген текшерүүлөр планын белгиленген мөөнөттөрдө өз убагында аткаруу жана субъектилерде жүргүзүлгөн текшерүү материалдары боюнча негизсиз кабыл алынган чечимдер боюнча монополияга каршы жөнгө салуу чөйрөсүндөгү мыйзамдар чегинде тиешелүү иш алып баруу камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана корутунду** ***(тарифтерди түзүү чөйрөсүндө мыйзам бузуулар аныкталганда, кайтаруу тартибин жана суммаларын талдоо)***

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы №637 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибинин 9.2-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мамлекеттик органынын, анын аймактык бөлүктөрүнүн чечиминин негизинде, ушул Тартипти бузуунун натыйжасында, Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мамлекеттик органы белгилеген жөнгө салынуучу талаптардан четтөөнүн айынан кирешеден акчалай өндүрүп алуу

Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мамлекеттик органынын, анын аймактык бөлүктөрүнүн алып коюу жөнүндө чечимин тапшырган күндөн тартып 30 күндүк мөөнөттө же Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мамлекеттик органы белгилеген мөөнөттө республикалык бюджетке чегерилүүгө тийиш.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 25-октябрындагы №700 токтому менен бекитилген, "Монополияга каршы ыйгарым укуктуу органдарды өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фонддору жөнүндө" жобонун 2 бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык, Фонддордун каражаттары республикалык бюджеттин чыгымдоо бөлүгүнөн каржылоонун эсебинен өткөн жылдарга ар жылдык ретроспективдүү талдоо жүргүзүүгө ылайык өткөн жыл үчүн республикалык бюджетке түшкөн жөнгө салуучулук талаптардан четтөөлөрдүн суммасынын 15%ы өлчөмүндө түзүлөт. Жыл ичинде аталган сумманы учурдагы жыл үчүн республикалык бюджетке иш жүзүндө түшкөн каражаттарды салыштырып текшерүү актысынын негизинде 25% өлчөмүндө көбөйтүү же азайтуу жагына оңдоо жүргүзүлөт.

Талдоо көрсөткөндөй, башка мамлекеттик орган тарабынан аныкталган бузуулардан улам, Монополияга каршы органдын өнүктүрүү фондунун каражаттары негизсиз көбөйүп кетүүсүнө алып келген алгачкы аныкталган булакты каттоо механизми жок экени аныкталган. Мисалга алсак, аудит жүргүзүлгөн мезгилде Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жүргүзгөн аудиттердин жыйынтыгы боюнча жалпы суммасы 53 257,9 миң сомго негизсиз алынган кирешелер аныкталып, Монополияга каршы органдын чечими менен республикалык бюджетке кайтарылган. Натыйжада аталган ведомствонун өнүктүрүү фонду 13 314,5 миң сомго (53 257,9 × 25%) каржыланган.

Жогорудагыны эске алуу менен, статистикалык маалыматтар кайталанат, анткени бул суммалар эки ведомстводо аныкталган, кайтарууга тийиш жана кайтарылган деп эсептелген.

Бул шартта фонддун эсептөө базасынан Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы же башка мамлекеттик органдар тарабынан аныкталган жана тастыкталган суммаларды чыгаруу зарылчылыгы пайда болот.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 25-октябрындагы №700 токтому менен бекитилген, "Монополияга каршы ыйгарым укуктуу органдарды өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фонддору жөнүндө" жобого Фонддун эсептөө базасынан башка мамлекеттик органдар тарабынан монополияга каршы жөнгө салуу чөйрөсүндө аныкталган бузуулардын суммаларын эсептен чыгаруу боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү жагы каралсын.

**Аудитор** **А.Т. Байгазаков**